**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ**
**ТАШ-КӨМҮР ШААРДЫК**
**ДЕПУТАТТАР КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**ТАШ-КУМЫРСКИЙ ГОРОДСКОЙ**
**КЕНЕШ ДЕПУТАТОВ**

19 - апрель 2025-жыл.

Таш-Көмүр шаары. 721400
Ш.Сыдыков көч.24.
тел.(0 3745) 50052
факс .(0 3745) 50058.
e-mail: gorkeneshtk@gmail.com

**I чакырылышынын**
**кезексиз X сессиясы**

***ТОКТОМ*** № 1 ***ПОСТАНОВЛЕНИЕ***

**«Таш-Көмүр шаардык депутаттар Кенешинин I чакырылышынын кезексиз 10-сессиясынын катчысы жөнүндө».**

Чыгып сүйлөгөн депутаттардын сунуштарын угуп жана талкуулап, Таш-Көмүр шаардык депутаттар Кенешинин I чакырылышынын кезексиз 10- сессиясы

**Т О К Т О М К Ы Л А Т:**

1. Депутат ***Умбеталиева Назира Өзгөрүшевна*** Таш-Көмүр шаардык депутаттар Кенешинин I чакырылышынын кезексиз 10- сессиясынын катчысы болуп шайлансын.

2. Бул токтомду мамлекеттик реестрге киргизүү жагы шаардык Кенештин жоопту катчысына (Б.Дуйшебаева) милдеттендирилсин.

3. Токтом Таш-Көмүр шаарынын www.tash-komurkenesh.kg расмий сайтында жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирсин.

**Таш-Көмүр шаардык депутаттар**
**Кенешинин төрагасынын орун басары:** **Д.Джумашева**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ**
**ТАШ-КӨМҮР ШААРДЫК**
**ДЕПУТАТТАР КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**ТАШ-КУМЫРСКИЙ ГОРОДСКОЙ**
**КЕНЕШ ДЕПУТАТОВ**

19 - апрель 2025-жыл.

Таш-Көмүр шаары. 721400
Ш.Сыдыков көч.24.
тел.(0 3745) 50052
факс .(0 3745) 50058.
e-mail: gorkeneshtk@gmail.com

**I чакырылышынын**
**кезексиз X сессиясы**

***ТОКТОМ*** № 2 ***ПОСТАНОВЛЕНИЕ***

**«Шаардык мэриянын 08.04.2025-жылдагы «Таш-Көмүр шаарынын административдик территориясына кирген жер аянттарын жана курулуштарды Таш-Көмүр шаардык мэриясынын алдындагы муниципалдык менчик департаментинин балансына кабыл алууга макулдук берүү тууралуу» № 01-21/1146 кайрылуу каты жөнүндө."**

Шаардык мэриянын 08.04.2025-жылдагы «Таш-Көмүр шаарынын административдик территориясына кирген жер аянттарын жана курулуштарды Таш-Көмүр шаардык мэриясынын алдындагы муниципалдык менчик департаментинин балансына кабыл алууга макулдук берүү тууралуу» № 01-21/1146 кайрылуу каты жөнүндө шаардык Ке=ештин алдындагы **"Мыйзамдуулук" боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы З.Карабалаевдин** маалыматын угуп жана талкуулап, Таш-Көмүр шаардык депутаттар Кенешинин I чакырылышынын кезексиз 10- сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Шаардык мэриянын 08.04.2025-жылдагы «Таш-Көмүр шаарынын административдик территориясына кирген жер аянттарын жана курулуштарды Таш-Көмүр шаардык мэриясынын алдындагы муниципалдык менчик департаментинин балансына кабыл алууга макулдук берүү тууралуу» № 01-21/1146 кайрылуу каты жөнүндө шаардык Ке=ештин алдындагы **"Мыйзамдуулук" боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы З.Карабалаевдин** билдирүүсү эске алынсын.
2. Таш-Көмүр шаарынын административдик территориясына кирген шаардын Өндүрүш аймагында жайгашкан н/ж дарегинде жайгашкан, 3-1402-0002-0214 идентификациялык коду ыйгарылган, жалпы 80736,75 м2 га жер аянты, анын ичинен 2758,2 м2 курулушу менен (водоочистное сооружение) Таш-Көмүр шаардык мэриясынын алдындагы муниципалдык менчик департаментинин балансына кабыл алууга макулдук берилсин.

3. Таш-Көмүр шаарынын административдик территориясына кирген төмөндөгү жер аянттарын жана курулуштарды Таш-Көмүр шаардык мэриясынын алдындагы муниципалдык менчик департаментинин балансына кабыл алуу үчүн тиешелүү иш кагаздарын тактоо үчүн артка кайтарылсын.
    - Таш-Көмүр шаарынын Өндүрүш аймагында жайгашкан 3-14-02-0002-0220 идентификациялык коду ыйгарылган, “Буудан” ААКна таандык болгон жалпы 2,26 га жер аянтын;
    - Таш-Көмүр шаарынын Ж.Какелеев көчөсүнүн №23 Б дарегинде жайгашкан 3-14-003-0001-0690 идентификациялык коду ыйгарылган, М.Р.Сооронбаевге таандык болгон 1346,4м2 жер аянтын;
    - Таш-Көмүр шаарынын Ж.Какелеев көчөсүнүн №23 Б дарегинде жайгашкан 3-14-003-0001-0619 идентификациялык коду ыйгарылган, М.Р.Сооронбаевге таандык болгон 370,5 м2 жер аянтын курулушу менен;
    - Таш-Көмүр шаарынын Кызыл-Алма шаарчасынын н-ж дарегинде жайгашкан 3-14-03-0002-0070 идентификациялык коду ыйгарылган, Алымбеков Эмиль Баймырзаевичке таандык болгон курулушу 5735,4 м2, анын ичинен пайдалануу аянты 4896,6 м2 түзгөн **жалпы -14800,0 м2** жер аянтын;
4. Бул токтомду мамлекеттик реестрге киргизүү жагы шаардык Кенештин жооптуу катчысына (Б.Дуйшебаева) милдеттендирилсин.
5. Токтом Таш-Көмүр шаарынын www.Tash-komurkenesh.kg расмий сайтында жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирсин.
6. Токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагы шаардык Кенештин алдындагы **“Мыйзамдуулук”** боюнча туруктуу комиссиясына **(З.Карабалаев)** жүктөлсүн.

**Таш-Көмүр шаардык депутаттар**
**Кенешинин төрагасынын орун басары:** **Д.Джумашева**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ**
**ТАШ-КӨМҮР ШААРДЫК**
**ДЕПУТАТТАР КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**ТАШ-КУМЫРСКИЙ ГОРОДСКОЙ**
**КЕНЕШ ДЕПУТАТОВ**

19 - апрель 2025-жыл.

Таш-Көмүр шаары. 721400
Ш.Сыдыков көч.24.
тел.(0 3745) 50052
факс .(0 3745) 50058.
e-mail: gorkeneshtk@gmail.com

**I чакырылышынын**
**кезексиз X сессиясы**

***ТОКТОМ*** № 3 ***ПОСТАНОВЛЕНИЕ***

**“Таш-Көмүр шаардык Кенешинин депутаты Ч.Урматаалиевдин 09.04.2025-жылдагы “Таш-Көмүр шаарындагы оорукананын, төрөт үйүнүн, үй-бүлөлүк дарыгерлер тобунун, амбулаториянын жана санэпидемстанциянын саркынды суу агып чыгуучу түтүкчөлөрүн, септиктерин текшерүү үчүн атайын убактылуу депутаттык комиссия түзүү тууралуу” сунушу жөнүндө”.**

Таш-Көмүр шаардык Кенешинин депутаты Ч.Урматаалиевдин 09.04.2025-жылдагы “Таш-Көмүр шаарындагы оорукананын, төрөт үйүнүн, үй-бүлөлүк дарыгерлер тобунун, амбулаториянын жана санэпидемстанциянын саркынды суу агып чыгуучу түтүкчөлөрүн, септиктерин текшерүү үчүн атайын убактылуу депутаттык комиссия түзүү тууралуу” сунушу жөнүндө шаардык Кенештин алдындагы **“Мыйзамдуулук” боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы З.Карабалаевдин** маалыматын угуп жана талкуулап, Таш-Көмүр шаардык депутаттар Кенешинин I чакырылышынын кезексиз 10 - сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Таш-Көмүр шаардык Кенешинин депутаты Ч.Урматаалиевдин 09.04.2025-жылдагы “Таш-Көмүр шаарындагы оорукананын, төрөт үйүнүн, үй-бүлөлүк дарыгерлер тобунун, амбулаториянын жана санэпидемстанциянын саркынды суу агып чыгуучу түтүкчөлөрүн, септиктерин текшерүү үчүн атайын убактылуу депутаттык комиссия түзүү тууралуу” сунушу жөнүндө шаардык Кенештин алдындагы **“Мыйзамдуулук” боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы З.Карабалаевдин** маалыматы эске алынсын.
2. Кыргыз Республикасынын Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө Мыйзамынын 36-беренесине ылайык, Таш-

Көмүр шаардык Кенешинин депутаты Ч.Урматаалиевдин сунушунун негизинде, Таш-Көмүр шаарындагы ооруканааның, төрөт үйүнүн, үй-бүлөлүк дарыгерлер тобунун, амбулаториянын жана санэпидемстанциянын саркынды суу агып чыгуучу түтүкчөлөрүн, септиктерин текшерүү үчүн убактылуу депутаттык комиссия түзүлсүн.

3. Бул токтомду мамлекеттик реестрге киргизүү жагы шаардык Кенештин жооптуу катчысына (Б.Дуйшебаева) милдеттендирилсин.
4. Токтом Таш-Көмүр шаарынын www.tash-komurkenesh.kg расмий сайтында жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирсин.
5. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы шаардык Кенештин алдындагы **“Мыйзамдуулук” боюнча туруктуу комиссиясына (З.Карабалаев) жүктөлсүн**.

**Таш-Көмүр шаардык депутаттар**
**Кенешинин төрагасынын орун басары:** **Д.Джумашева**